| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XIV сессиясынын**
**№ 14/1 токтому**

2026-жыл 3-февраль Жаны-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата бюджеттин аткарылышы жөнүндө**

Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата бюджеттин аткарылышы боюнча ФЭБнүн башчысынын берген отчетун угуп талкуулап, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата бюджеттин аткарылышы боюнча ФЭБнүн башчысынын берген отчету канааттандыраарлык деп табылсын.

2. Ушул токтомду көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага А.Дунаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУУСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XIV сессиясынын**
**№ 14/2 токтому**

2026-жыл 3-февраль — Жаны-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата бюджетин бекитүү жөнүндө**

Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата бюджетин бекитүү жөнүндө жана бюджетинин долбоорун 2027-2028-жылдарга болжолу жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын 2026-жылга карата республикалык бюджетин бекитүү жана бюджетинин долбоорун 2027-2028-жылдарга болжолу жөнүндө мыйзамдарынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги тарабынан сунуш кылынган көрсөткүчтөрдү карап чыгып, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүнүн 2026-жылга 77478,8 миң сом анын ичинен атайын каражаттар 2026-жылга 28876,0 миң сомго бекитилсин.

2. Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген бюджетин кирешелер бөлүгү атайын каражаты ЖЧК “Эделвейс Голд” тарабынан берилүүчү төлөө коду : 144111100 учурдагы жардам эсебинен 12250 млн сомго бекитилсин.

3. Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген бюджетин чыгашалар бөлүгүнүн атайын каражаты төлөм кодунун элементи башка турак жай имараттарын жана имарат жайларын сатып алуу жана куруу үчүн 12250 млн сомго бекитилсин.

4. Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин долбоорун 2027-2028-жылдарга болжолу 2027-жылга 52165,7 миң сомго, 2028-жылга 56338,7 миң сомго бекитилсин.

5. Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аппаратта иштеген кызматкерлеринин штат бирдиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 07-февраль №52 токтомунун негизинде жалпы штат бирдиги, штат бирдигинде отурган 12 кызматкерлерге чинге карата кошумча төлөөлөр төлөнүп берилсин, иш кагаздарын жүргүзүүчү 1 кенже кызматкерлер 3 штат бирдиги бекитилсин жана келишим менен алынгандар 12 кызматкерге келишимдин негизинде төлөнүп берилсин.

6. Ушул токтомду көзөмөлдөө жагы Ынтымак айылдык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** — **А.Дунаев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XIV сессиясынын**
**№ 14/3 токтому**

2026-жыл 3-февраль — Жаны-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын аягында калган калдык акча каражатын бекитүү жөнүндө**

Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана 1-январь 2026-жылга карата калган калдык акча каражатын бекитүү жөнүндө сунуш кылынган көрсөткүчтөрдү карап чыгып жана айылдык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун талкуулап, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы калган калдык жалпысы 10 350.7 мин сом бюджетиндеги акча кошумча сметанын негизинде жумшалсын, анын ичинен атайын каражат 5250,0 миң сомго бекитилсин.

2. Жергиликтүү бюджетте калган калдык акча каражатын кагаз иштерин даярдап, иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысы Т.Абдибаитовага милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш, муниципалдык менчик боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага А.Дунаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XIV сессиясынын**
**№ 14/3-1 токтому**

2026-жыл 3-февраль Жаны-Арык айылы

**Ош облусунун Кара-Суу районунун Ынтымак айыл аймагына караштуу Таш-Арык айылындагы дем берүүчү гранттын эсебинен Р.Абелов көчөсүнө асфальт төшөө 976,2 миң сом, Кара-Суу районунун Ынтымак айыл аймагынын Жаңы-Арык айылындагы № 127 негизги мектебинин дем берүүчү гранттын эсебинен эшик, терезелеринин капиталдык ремонттон өткөрүүгө өздүк салым 700,0 миң сом акча каражаттарын бөлүп берүү жөнүндө**

Ош облусунун Кара-Суу районунун Ынтымак айыл аймагына караштуу Таш-Арык айылындагы дем берүүчү гранттын эсебинен Р.Абелов көчөсүнө асфальт төшөө 976,2 миң сом, Кара-Суу районунун Ынтымак айыл аймагынын Жаңы-Арык айылындагы № 127 негизги мектебинин дем берүүчү гранттын эсебинен эшик, терезелеринин капиталдык ремонттон өткөрүүгө өздүк салым 700,0 миң сом акча каражаттарын бөлүп берүү жөнүндө сунуш кылынган көрсөткүчтөрдү карап чыгып жана айылдык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун талкуулап, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ош облусунун Кара-Суу районунун Ынтымак айыл аймагына караштуу Таш-Арык айылындагы Р.Абелов көчөсүнө асфальт төшөө үчүн өздүк салым 976,2 миң сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Кара-Суу районунун Ынтымак айыл аймагынын Жаңы-Арык айылындагы № 127 негизги мектебинин эшик, терезелеринин капиталдык ремонттон өткөрүүгө өздүк салым 700,0 миң сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

3. Жергиликтүү бюджеттин кагаз иштерин даярдап иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысы Т.Абдибаитовага милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарлышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш, муниципалдык менчик боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага А.Дунаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XIV сессиясынын**
**№ 14/4токтому**

2026-жыл 3-февраль Жаны-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасынын 2026-жылга түзүлгөн иш планын бекитүү жөнүндө**

Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасынын 2026-жылга түзүлгөн иш планын карап толуктоолорду киргизип, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасынын 2026-жылга түзүлгөн иш планы бекитилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарларына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Дунаев**

# Ынтымак айылдык кеңешинин 2026-жылга  Типтүү иш планы

| №<br>п\п | Айылдык кеңештин сессиясында каралчу маселенин аталышы | Сессия өтчү күн | Каралчу маселелер тууралуу кыскача маалымат | Жооптуу адам, аткаруучу (*адис, мекеменин, уюмдун жетекчиси*) | Бул маселе боюнча жооптуу айылдык кеңештин туруктуу комиссиясы | **Жарандардын ЖӨБгө катышуусунун формасы** («ЖӨБ жөнүндө» КР Мыйзамынын 19,61,63-беренелери) | Маселени карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча АК кабыл алган чечим (тескеме, токтом); |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **I квартал** | | | | | | | |
| 1. | Инвестицияларды жана гранттарды тартуу | январь | Инвестицияларды жана гранттарды тартуу жаатында эл аралык долбоордук уюмдар, донорлор, демөөрчүлөр менен жүргүзүлгөн иштер боюнча АӨ башчысынын (бейөкмөт уюмдардын, коомдук уюмдарды, демилгелүү топтордун, жамаааттардын – макулдашуу боюнча) маалыматын угуу. Зарыл болгон учурда мониторинг жана баалоо тобунун ишинин жыйынтыктарын угуу. | АӨ башчысы, бейөкмөт уюмдардын, коомдук уюмдардын жетекчилери (макулдашуу боюнча) жана башка кызыкдар адамдар. | **Бюджет, экономика,муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция , ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссия...**(инвестициялар жана гранттар маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт) | Жарандардын, жарандык коомдун, бизнес коомчулугунун, МжБ топторунун, демилгечи топтордун, донорлордун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга, АК ачык сессияларына катышуусу. | Маселени карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча айылдык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат. Күчүнө кириши үчүн айылдык кеңештин токтому (кабыл алынган учурда) жарыяланат жана ал ЧУАнын мамлекеттик реестрине кошулат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2. | Жайыт жерлерин натыйжалуу пайдалануу маселесин кароо | Февраль | 2025-жылга жайыттарды пайдалануунун жылдык планынын аткарылышы боюнча жайыт комитетинин отчетун угуу. Агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрагасын угуу.<br>Төмөнкүлөр каралат жана бекитилет (зарыл болгон учурда):<br>- Жайыт пайдалануу үчүн акыны орнотуу тартиби жөнүндө жобо;<br>- 2026-жылга жайыттарды пайдалануунун жылдык планы;<br>- Малдын башына жана түрүнө жараша жайыт жерлерин пайдалануу укугу үчүн акынын көлөмү;<br>- жайыт жерлерин башка максаттарда пайдалануу үчүн акынын көлөмү. | Жайыт комитетинин төрагасы, АӨ башчысы (же башчынын орун басары) | ________________<br>(агрардык жана жер маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт). | Жарандардын, жайыт пайдалануучулардын жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга АК сессияларына катышуусу. | Айылдык кеңештин токтомун кабыл алуу жана аны ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3. | 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасынын аткарылышы тууралуу<br><br>АӨ башчынын отчету | Февраль | Айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасынын аткарылышы тууралуу АӨ башчынын отчетун угуу.<br><br>АӨ башчынын отчету тууралуу туруктуу комиссиянын корутундусун угуу. Айылдык кеңештин жооптуу туруктуу комиссиясынын корутундусун, АК депутаттарынын пикирлерин жана сунуштарын эсепке алуу менен АӨ башчынын отчетун бекитүү же башка чечим кабыл алуу. | АӨ башчысы | ________________<br>боюнча жооптуу туруктуу комиссия (айылдык кеңештин төрагасынын резолюциясы боюнча аныкталган комиссия сессияда туруктуу комиссиянын корутундусу тууралуу баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт) | Жарандардын, бизнес коомчулугунун, МжБ топторунун, демилгечи топтордун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга, АК ачык сессияларына катышуусу. | 2026-жыл үчүн АӨ башчынын отчетун кабыл алуу. Айылдык кеңештин тескемесин кабыл алуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4. | АЖМФ жерлерин натыйжалуу пайдалануу маселесин кароо | Февраль | Келечекке пландын аткарылышы, АЖМФ жерлери үчүн ижара акынын түшүшү жана пайдаланылышы тууралуу АӨ башчынын отчетун угуу.<br>Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын төрагасын угуу.<br>АЖМФ жерлерин экономикалык жагымдуу жерлердин аймагынан түз берүү менен АА аймагында жашаган социалдык багыттагы субъекттердин жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн жана жарандардын тизмесин карап чыгуу жана бекитүү (зарыл болгон учурда).<br>АЖМФ жерлери боюнча Жер комиссиясынын курамын жана иш регламентин бекитүү (зарыл болгон учурда). Жеке жана юридикалык жактарга ижарага берилген АЖМФ жер участокторунун ижара акысын жана көлөмүн орнотуу.<br>АЖМФ жерлерин колдонуу үчүн ижара төлөмүнүн суммасынан жерлерди жакшыртуу боюнча иш-чараларды аткарууга багытталган каражаттын көлөмүн | АӨ башчысы, АЖМФ жерлери боюнча жер комиссиясынын төрагасы | ________________<br>(агрардык жана жер маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт). | Жарандардын, бизнес коомчулугунун, МжБ топторунун, демилгечи топтордун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга, АК ачык сессияларына катышуусу. | Айылдык кеңештин токтомун кабыл алуу, жарыялоо жана аны ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | бекитүү (зарыл болгон учурда). | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5. | Муниципалдык менчикти башкаруу | Февраль | Муниципалдык менчикти башкаруу маселелери боюнча АӨ башчысын угуу.<br>Күчүнө кириши үчүн айылдык кеңештин токтому жарыяланат жана ал ЧУАнын мамлекеттик реестрине кошулат.<br>Муниципалдык менчикти башкаруу маселелери боюнча АӨ башчысын угуу.<br>Бул маселе боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуу.<br>Төмөнкү долбоорлорду кароо жана бекитүү (зарыл болгон учурда):<br>- Муниципалдык менчиктеги объекттерди менчиктештирүү программасын;<br>- Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүү тартиби жөнүндө жобону;<br>- Электрондук форматтагы муниципалдык менчиктеги объекттерди менчиктештирүү программаларын;<br>- Электрондук форматтагы муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүү тартиби жөнүндө жобону;<br>- Муниципалдык менчикти камсыздандыруу жана | АӨ башчысы (же АӨ башчысынын орун басары) | ________________<br>(муниципалдык менчик маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын, бизнес коомчулугунун, МжБ топторунун, демилгечи топтордун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга, АК ачык сессияларына катышуусу | Айылдык кеңештин токтомун кабыл алуу жана аны ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | тизмеден чыгарып салуу тартиби жөнүндө жобону ж.б.<br>Муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле муниципалдык менчикти пайдаланган башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан көрсөтүлүүчү коммуналдык кызматтарга тарифтерди бекитүү (зарыл болгон учурда). | | | | |
| 6 | 2026-жылга аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнү жана калкты социалдык жактан коргоону камсыз кылуу | Март | Айылдык кеңештин жоопту туруктуу комиссиясынын корутундусун, АК депутаттарынын пикирлерин жана сунуштарын эсепке алуу менен, 2026-жылга аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программасын кароо жана бекитүү | АӨ башчысы, АӨ башчысынын орун басары, ФЭБ башчысы ж.б. | ________________ (социалдык маселелер боюнча) жооптуу туруктуу комиссия өзүнүн бардык корутундуларын жалпылаштырат жана айылдык кеңештин сессиясында бирдиктүү корутунду катары баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт) | Жарандардын, БӨУ, коомдук уюмдарынын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, АК сессияларына катышуусу. | 2026-жылга АСЭӨ жана калкты социалдык жактан коргоонун Программасын бекитүү жөнүндө АК токтому кабыл алынат, жарыяланат, күчүнө кирет, ЧУА Реестрине кошулат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7. | Тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу боюнча маалыматты угуу | Март | Тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу боюнча маалыматты угуу<br>- АӨ башчысынын (АӨ башчысынын орун басарынын, ТКЧ боюнча АӨ адисинин, МИ жетекчисинин), айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусу.<br>Жергиликтүү бюджетте каражат болсо, каржылоо маселесин карап чыгуу.<br>Таштандыны жыйноо, ташып кетүү үчүн тарифти карап чыгып, бекитүү. | АӨ башчысы (АӨ башчысынын орун басары, ТКЧ боюнча АӨ адиси, МИ жетекчиси), айыл башчы. | (агрардык жана жер маселелери, ТКЧ боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт) | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга айылдык кеңештин сессияларына катышуусу. | Айылдык кеңештин токтомун кабыл алуу, жарыялоо жана аны ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8. | Коомдук транспорттун ишин жөнгө салуунун жүрүшү тууралуу | Март | АӨ башчысынын (АӨ башчысынын орун басарынын, зарыл болсо МИ жетекчисинин, бизнес коомчулуктун, башка кызыкдар тараптардын), калктуу конуштун ичинде же калктуу конуштардын ортосунда жүргүнчүлөрдү ташыган юридикалык жактардын маалыматын угуу.<br>Жергиликтүү бюджетте финансы каражаты болгон учурда муниципалдык транспорттук ишкананы түзүү жана анын ишин уюштуруу маселесин караштыруу.<br>Окуучуларды мектепке ташуу маселесин кароо, бул маселени демөөрчүлөрдүн, инвестициялардын, гранттардын жана башка каражаттардын жардамы менен чечүү. | АӨ башчысы (транспорттук уюмдардын жетекчилери, коомдук транспорт менен жүргүнчүлөрдү ташыган юридикалык, физикалык жактар – макулдашуу боюнча). | ________________ (коомдук транспорт маселелери боюнча) туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, АК сессияларына катышуусу. | АК токтом (тескеме) кабыл алат. Айылдык кеңештин токтому жарыяланат жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |
| **II квартал** | | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9. | Коомдук тартипти сактоонун абалы | Апрель | Коомдук тартипти коргоо жана мыйзам бузууларды болтурбоо маселелери боюнча 2026-жылдын жыйынтыгы боюнча төмөнкүлөрдүн маалыматын угуу:<br>- АӨ башчысын (АӨ башчысынын орун басарын),<br>- Ички иштер бөлүмүнүн өкүлүн (участкалык милициянын- макулдашуу боюнча),<br>- аксакалдар сотунун төрагасын,<br>- укук бузуулар боюнча ЖӨБО комиссиясынын төрагасын;<br>- бойго жете электердин иши боюнча комиссиянын төрагасын (макулдашуу боюнча),<br>- Коомдук профилактикалык борбордун төрагасы (ОПЦ),<br>- билим берүү мекемелеринин (мектептер, лицейлер, ПТУ, ЖОЖдор) жетекчилерин (макулдашуу боюнча);<br>- Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын төрагасын,<br>ААнын аймагында тартип бузууларды болтурбоо тууралуу программалардын долбоорлорун карап чыгуу | АӨ башчысы (АӨ башчысынын орун басары) ИИБ жетекчиси (участкалык милиция), тартип бузуулар боюнча комиссиянын төрагасы, айыл башчы, аксакалдар сотунун төрагасы, бойго жете электердин иши боюнча комиссиянын төрагасы, элдик кошуундун төрагасы ж.б. | (**коомдук тартипти коргоо маселелери боюнча**) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, айылдык кеңештин сессияларына катышуусу. | Маалыматты уккандан кийин айылдык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат, коомдук тартипти коргоого жана укук бузууларды болтурбоого багытталган тийиштүү чараларды кабыл алуу боюнча сунуштар берилет. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | жана бекитүү. | | | | |
| 10. | Жазгы талаа иштерине даярдык, коомдук пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, көчө жарыгынын абалы тууралуу | Апрель | Туруктуу комиссиянын төрагасын угуу, АӨ иш-чаралар пландары жөнүндө АӨ башчысынын орун басарынын (муниципалдык ишкананын жетекчисинин) маалыматын угуу:<br>- жазгы талаа иштерине даярдануу боюнча,<br>- жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча;<br>- көчө жарыктарынын абалы жөнүндө,<br>- жергиликтүү бюджеттин каражаттары, жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүүгө жана жашылдандырууга, жарык орнотууга багытталган гранттар, инвестициялар, демөөрчүлүк жана башка каражаттар боюнча.<br>Ишембилик өткөрүү, сугат жерлерин тазалоо, калктуу конуштарга көчөттөрдү отургузуу ж.б. графиктери менен таанышуу. | АӨ башчысы, АӨ башчысынын орун басары (МИ жетекчиси) | (агрардык, жер маселелери, ТКЧ боюнча) жоопту туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт) | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, АК сессияларына катышуусу, МжБнын жыйынтыктары. | Айылдык кеңеш токтом кабыл алат |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 11. | Калктуу конуштарды ичүүчү жана сугат суу менен жабдуу (таза суу системасын, ирригация системасынын, канализациянын, тазалоочу курулмалардын ишин камсыз кылуу) | Май | 2026-жылдын жыйынтыгы боюнча элди ичүүчү жана сугат суу, ирригация системасынын, канализациянын, тазалоочу курулмалардын ишин камсыз кылуу маселелери боюнча маалыматты угуу:<br>- АӨ башчысы (же АӨ башчысынын орун басары),<br>- калкты ичүүчү менен камсыз кылуу, калктуу конуштун ички ирригациясын, канализация системасынын жана тазалоочу курулмалардын ишин камсыз кылуу боюнча муниципалдык ишкананын жетекчисин;<br>- айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын төрагасы.<br>Калктын сунуштарын эсепке алуу менен ичүүчү сууга, суугат сууга жана сууну тазалоо тарифти карап чыгуу жана бекитүү.<br>Муниципалдык менчикте турган жана муниципалдык ишканага башкарууга өткөрүлүп берилген ичүүчү суу менен жабдуу системасын жыл сайын оңдоо үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат караштыруу. | АӨ башчы (же АӨ башчысынын орун басары), муниципалдык ишкананын жетекчиси | _______________ (ТКЧ маселелери боюнча) туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, АК сессияларына катышуусу | Айылдык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат. Айылдык кеңештин токтому жарыяланат (ЧУА кабыл алынган учурда) жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 12. | Дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу, спорттук курулмалардын иштешин камсыз кылуу | Май | Дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу боюнча маалыматты угуу:<br>- АӨ башчысынын (же АӨ башчысынын орун басарынын),<br>- билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин (макулдашуу боюнча);<br>- айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын төрагасынын.<br>Жергиликтүү бюджетте каражат болсо каржылоо маселесин карап чыгуу.<br>Спорттун улуттук жана башка түрлөрүн, ошондой эле ААнын аймагында массалык спортту ишке ашыруу жана өнүктүрүү программаларын карап чыгуу жана бекитүү.<br>Массалык жана спорттун башка түрлөрү боюнча иш-чараларды өткөрүү графигин карап чыгуу. | АӨ башчы (же АӨ башчысынын орун басары), айыл башчы, билим берүү мекемелерин ин жетекчилери(макулдашуу боюнча). | ________________<br>**(социалдык маселелер, спорт жана дене тарбиясы боюнча) жооптуу** туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, АК сессияларына катышуусу. | Айылдык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат. Айылдык кеңештин токтому жарыяланат (ЧУА кабыл алынган учурда) жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана анын кесепеттерин жоюуга даярдык тууралуу | Май | Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана анын кесепеттерин жоюу боюнча АӨ даярдаган иш-чаралар Планын карап чыгуу жана бекитүү.<br>Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана анын кесепеттерин жоюу тууралуу иш-чаралар планын аткарылышы боюнча АӨ башчысынын (башчынын орун басарынын) маалыматын угуу. | АӨ башчысы (башчынын орун басары) | _______________ (өзгөчө кырдаал маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, жыйындарга, курултайларга, АК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамала рды жана тапшырмалар ды берип, айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 13. | Көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу, муниципалдык жерлердин, парктардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу | Июнь | Көрүстөндөрдүн иштешине жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүнө, муниципалдык жерлердин, парктардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылууга багытталган чараларды жүзөгө ашыруу боюнча төмөнкүлөрдүн маалыматын угуу:<br>- АӨ башчысынын (же АӨ башчысынын орун басарынын, МИ жетекчисинин)<br>- Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусун.<br>Жергиликтүү бюджетте каражат болгондо каржылоо маселесин караштыруу.<br>Бул маселелерди демөөрчүлөрдүн каражатынын, инвестициялардын, гранттардын ж.б. жардамы менен чечүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу. | АӨ башчы (же АӨ башчысынын орун басары, МИ жетекчиси) | _______________ (ТКЧ боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, АК сессияларына катышуусу. | Айылдык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат. Айылдык кеңештин токтому жарыяланат (ЧУА кабыл алынган учурда) жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 14. | Айылдык кеңештин депутаттары өз округундагы шайлоочуларга отчет беришет, шайлоочулардын суроо талаптарын аткарышат | Июнь | Депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетун тапшыруу боюнча иш-чаралардын Планын жана графигин карап, бекитүү.<br>АӨ башчысына, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчилерине шайлоочулар менен жолугушууну графикке жана Иш-чаралар планына ылайык уюштуруу, жолугушууларды өткөрүү үчүн жайларды бөлүп берүү, шайлоочуларга жолугушуу өтчү убактысы жана орду жөнүндө кабар берүү, ошондой эле депутатка шайлоо округунда отчет берүүгө көмөкчү болгон башка чараларды көрүү.<br>Депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетун тапшыруу боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча айылдык кеңештин этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуу.<br>Шайлоочулардан түшкөн сунуштар, даттануулар жана арыздар боюнча тийиштүү сунуштамаларды жана | АӨ башчысы, этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы | (этика, мандат боюнча) туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетун тапшыруу боюнча иш-чараларына, АК сессияларына катышуусу. | Шайлоочулар дан түшкөн сунуштарды, даттанууларды жана арыздарды эске алуу менен айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | чечимдерди талкуулоо жана кабыл алуу. | | | | |
| **III квартал** | | | | | | | |
| 15. | 2026-жылдын алты айынын жыйынтыгы боюнча айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасынын аткарылышы тууралуу АӨ башчынын отчету | Июль | АӨ башчысынын айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, өнүгүү программасынын жана планынын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар планы) аткарылышы тууралуу биринчи жыл үчүн АӨ башчынын отчетун угуу. Биринчи жыл үчүн АӨ башчысынын отчету тууралуу туруктуу комиссиянын корутундусун угуу. АКтын жооптуу туруктуу комиссиясынын корутундусун, АК депутаттарынын пикирлерин жана сунуштарын эсепке алуу менен АӨ башчысынын отчетун бекитүү же башка чечим кабыл алуу. | АӨ башчысы | ________________ (АК төрагасынын резолюциясы менен аныкталган) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, АК сессияларына катышуусу. | 2026-жылдын 1-жарым жылдыгы үчүн АӨ отчетун кабыл алуу, АК токтомун (тескемесин кабыл алуу), жарыялоо, күчүнө киргизүү, ЧУА Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 16. | Күз-кыш мезгилине даярдык тууралуу | Август | Күз-кыш мезгилине даярдык көрүү маселелери боюнча маалымат угуу:<br>- АӨ башчысы (АӨ башчысынын орун басары),<br>- тийиштүү мекемелердин жетекчилери;<br>- АК туруктуу комиссиясынын төрагасы.<br>Жылытуучу материалдарды сатып алуу жана муну каржылоо маселесин кароо жана талкуулоо. | АӨ башчысы (же АӨ башчысынын орун басары), мекемелерди н жетекчилери | _______________ (ТКЧ жана муниципалдык менчик маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, чогулуштарга АК сессияларына катышуусу. | АК токтом (тескеме) кабыл алат. Айылдык кеңештин токтому жарыяланат жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 17. | Жергиликтүү маанидеги китепканалардын, маданият үйлөрүн, клубдарын, музейлеринин ишин уюштуруу жана камсыз кылуу, жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жагындагы контролдоо | Август | Жергиликтүү маанидеги китепканалардын, маданият үйлөрүн, клубдарын, музейлеринин иши, жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды (эстеликтерди) коргоо жана пайдалануу жагындагы контролдоо боюнча маалыматты угуу:<br>- АӨ башчысын (АӨ башчысынын орун басарын, китепканачыларын, маданий кызматкерлерин, музей кызматкерлерин),<br>- АК туруктуу комиссиясынын төрагасын.<br>Бул жаатгагы ишти жакшыртуу боюнча тийиштүү сунуштамаларды жана сунуштарды карап чыгуу, талкуулоо жана кабыл алуу. | АӨ башчысы (же АӨ башчысынын орун басары) | _______________ (социалдык маселелер боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, чогулуштарга, курултайларга АК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 18. | Элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү, балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу | Сентябрь | АӨ башчысынын (АӨ башчысынын орун басарынын), жаштар комитетинин, төмөнкү маселелер боюнча комиссиясынын маалыматын угуу:<br>- элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү,<br>- бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу,<br>- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу,<br>- ААнын аймагында балдардын укуктары менен кызыкчылыктарын камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;<br>- балдар укугун бузуу учурларын аныктоо жана укугу бузулган балдарга юридикалык жардам берүү.<br>Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусун угуу.<br>Социалдык маселелер боюнча комиссиянын Жобосун карап чыгуу жана бекитүү. | АӨ башчысы (АӨ башчысынын орун басары, соц.жана жаштар маселелери боюнча адис), социалдык маселелер боюнча комиссиянын төрагасы, жаштар комитетинин төрагасы | __________________ (социалдык маселелер боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, чогулуштарга АК сессияларына катышуусу, МжБнын жыйынтыктары | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 19. | Өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП) эсепке алуу менен 2026-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун алдын-ала карап чыгуу жана макулдашуу. Бюджет боюнча коомдук угуулардын катышуучуларынан түшкөн сунуштарды карап чыгуу | Сентябрь | Коомдук бюджеттик угуулардын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү бюджеттин долбоорун төмөнкүлөрдөн угуу:<br>- АӨ башчысынан (АӨ ФЭБ башчысынан),<br>- АК туруктуу комиссиясынын төрагасынан,<br>- башка кызыкдар адамдардан<br>Өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар планы), жергиликтүү жамааттын сунуштары менен пикирлерин эсепке алып, жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча пикирлерин жана сунуштарын берет.<br>Маселени кароонун жыйынтыгы боюнча бюджеттин долбоорун жактырат же толук иштеп чыгууга жөнөтөт. | АӨ башчысы, ФЭБ башчысы | ________________<br>(бюджет боюнча) туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, АК сессияларына катышуусу. | АК жергиликтүү бюджеттин долбоорун жактыруу тууралуу токтом кабыл алат. Айылдык кеңештин токтому жарыяланат жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |
| **IV квартал** | | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 20. | Жер пайдалануу, шаар куруу жана архитектура ченемдери, жер казынасы маселелерин кароо | Октябрь | Жер пайдалануу, шаар куруу жана архитектура ченемдерин сактоо, жер казынасы маселелери боюнча төмөнкүлөрдүн маалыматын угуу:<br>- АӨ башчысынын (башчынын орун басарынын),<br>- архитектура жана мамкаттоонун өкүлдөрүнүн (макулдашуу боюнча).<br>АК туруктуу комиссиясынын корутундусун угуу.<br>Төмөнкүлөр каралат жана бекитилет (зарыл болгон учурда):<br>- Муниципалдык менчиктеги жер участокторуна менчик же ижара укуктарын акынын негизинде берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө жобо<br>- Муниципалдык менчиктеги жер участокторун менчикке же ижарага берүү боюнча комиссиянын курамы;<br>- Жеке турак үй үчүн жер участокторун бөлүп берүү боюнча комиссиянын жобосу;<br>- Жеке турак үй үчүн жер участокторун бөлүп берүү боюнча комиссиянын курамы. | АӨ башчысы (башчынын орун басары), АӨгө караштуу жер комиссияларынын төрагалары, архитектура жана мамкаттоонун өкүлдөрү (макулдашуу боюнча). | ________________ (жер маселелери жана муниципалдык менчик боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, чогулуштарга АК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Калктуу конуштардын башкы планын түзүү, муниципалдык жерлерге күбөлөндүрүүчү документтерди (мамлекеттик күбөлүктөрдү) аныктоо жана алуу маселелерин каржылоо мүмкүнчүлүгүн кароо жана талкуулоо | | | | |
| | | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 21. | Мамлекеттик буйрутманын жана ведомстволук окутуунун алкагында саясий муниципалдык кызматтардагы муниципалдык кызматкерлердин (АӨ башчы, АК төрагасы, депутаттар) квалификацияларын жогорулатуу тууралуу | Октябрь | КР "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" мыйзамынын 28-беренин талаптарын аткаруунун алкагында төмөнкүлөрдү кароо жана бекитүү:<br>- АӨ тарабынан даярдалган саясий муниципалдык кызматтардагы муниципалдык кызматкерлерди (АӨ башчы, АК төрагасы, депутаттар) кайра даярдоо жана квалификацияларын жогорулатуу боюнча окутуу Планын;<br>- Саясий муниципалдык кызматтардагы муниципалдык кызматкерлердин (АӨ башчы, АК төрагасы, депутаттар) ведомстволук окутуу Планын.<br>АӨ башчысынын (АӨ башчысынын орун басарын) жогорудагы Пландарды аткаруусун угуу.<br>Жергиликтүү бюджеттен окутуу Пландарына каражат бөлүү маселелрин кароо. | АӨ башчысы (башчынын орун басары), билим берүү жана соц. маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы | ________________ (билим берүү жана соц. маселелер боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын АК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 22. | Мыйзамдын жана/же ЧУА негизинде мамлекеттик органдардан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды АӨнүн аткаруусу | Ноябрь | Мыйзамдын жана/же ЧУА негизинде мамлекеттик органдар өткөрүп берген ыйгарым укуктарды кандай аткаргандыгы тууралуу АӨ башчысынын маалыматын угуу.<br>АКтын туруктуу комиссиясынын корутундусун угуу.<br>Зарыл болгон учурда, ыйгарым укуктарды материалдык-финансылык, методикалык жактан камсыз кылуунун шарттарын, айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп берүү жөнүндө шарттарын карап чыгуу, мыйзамдарда белгиленген тартипте тиешелүү мамлекеттик органдарга сунуштарды жана сунуштамаларды берүү. | АӨ башчысы (башчынын орун басары) | ________________ (өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар маселелери боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын АК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 23. | АКтын депутаттарынын, АӨ адистеринин, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катышкан жана айылдык аймактын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон жарандардын ишине баа берип, жылдын аягында аларды сыйлоо | Ноябрь | АКтын жигердүү, көрүнүктүү депутаттарына, АӨнүн адистерине, ААнын жашоочуларына айылдык аймактын өнүгүүсүнө кошкон олуттуу салымы үчүн жылдын жыйынтыгы боюнча муниципалдык сыйлыктарды тапшыруу, аларды мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүү маселелери боюнча АӨнүн башчысын (АӨнүн башчысынын орун басарын), АКтын туруктуу комиссиясынын төрагасын угуу. | АӨнүн башчысы (АӨнүн башчысынын орун басары), АК төрагасы (АК төрагасынын орун басарлары), туруктуу комиссиянын төрагалары. | ____________________ (этика жана мандат боюнча) туруктуу комиссия өзүнүн корутундусу боюнча сессияда баяндама жасайт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын айылдык кеңештин сессияларына катышуусу, МжБнын жыйынтыктары. | Сыйлоо тууралуу айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 24. | Өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар Планы) эсепке алуу менен 2026-жылга жергиликтүү бюджеттин арткан такталган долбоорун бекитүү. | Декабрь | Такталган жергиликтүү бюджеттин долбоорун угуу:<br>- АӨ башчысын (АӨнүн ФЭБ башчысын),<br>- АКтын туруктуу комиссиясынын төрагасы,<br>- башка кызыкдар адамдардын өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар Планы) эсепке алуу менен жергиликтүү бюджеттин долбооруна өзүнүн, жергиликтүү жамааттын пикирлерин жана сунуштарын киргизет. | АӨ башчысы, ФЭБ жетекчиси | ________________<br>(бюджет боюнча) жооптуу туруктуу комиссия сессияда өзүнүн корутундусу боюнча баяндама жасайт жана бул маселе боюнча чечим кабыл алынгандан кийин айылдык кеңештин токтомунун (тескемесинин) аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, айылдык кеңештин сессияларына катышуусу. | Такталган жергиликтүү бюджеттин долбоорун жактыруу тууралуу айылдык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 25. | Айылдык кеңештин туруктуу комиссиялары кийинки жылга иш планын бекитишет | Декабрь | 2025-жылга иш планынын аткарылышы жана иштин жыйынтыгы боюнча туруктуу комиссиялардын төрагаларынын отчетторун угуу.<br>Айылдык кеңештин токтомдорунун, тескемелеринин аткарылышына анализ жасоо, аткарылган тапшырмаларды көзөмөлдөн алып салуу.<br>АКтын төрагасынын орун басарынан АКтын туруктуу комиссияларынын иши жана жылдын аягында өз милдеттерин талаптагыдай аткаруусу жөнүндө маалыматын угуу.<br>2026-жылга айылдык кеңештин иш планын талкуулоо жана бекитүү.<br>2026-жылга иш пландарынын долбоорлору боюнча АК туруктуу комиссияларынын төрагаларын угуу жана аларды бекитүү. | АК төрагасынын орун басары, АК туруктуу комиссиясынын төрагалары, АКтын жооптуу катчысы | АКтын төрагасынын орун басары, туруктуу комиссиялардын төрагалары, АКтын жооптуу туруктуу комиссиясы аталган маселе боюнча АК сессиясында баяндама жасашат. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын айылдык кеңештин сессияларына катышуусу. | Туруктуу комиссиялардын отчетторун бекитүү жөнүндө АКтын токтомун (тескемесин), 2026-жылга АКтын иш Планын, 2026-жылга туруктуу комиссиялардын иш пландарын кабыл алуу.<br>Айылдык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XIV сессиясынын**
**№ 14/5 токтому**

2026-жыл 3-февраль Жаны-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагынын Ак-Терек айылындагы “Ак-Терек” орто мектебине Оморова Ибадаттын ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы Кыргыз Республикасында географиялык объектерди атоо, кайра атоо, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоо тартиби жөнүндө жобонун №149 токтомунун 12-пунктунда бекитилген тартипке ылайык, 2026-жылдын 28-январындагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн билдирүүлөрүнүн сунушуна, 2025-жылдын 11-сентябрындагы №4 “Ак-Терек” жалпы билим берүү мекемесинин жамаатынын кайрылуусуна, 2025-жылдын 3-июнундагы Ак-Терек орто мектебинин педагогикалык жамаатынын жана элдик жыйынынын протоколунун чечимине таянып, Ынтымак айылдык кеңеши карап талкуулап, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы Кыргыз Республикасында географиялык объектерди атоо, кайра атоо, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоо тартиби жөнүндө жобонун №149 токтомунун 12-пунктунда бекитилген тартипке ылайык, аталган мектептин аты «Оморова Ибадат» деп өзгөрүлсүн.

2. Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынан Ынтымак айыл аймагынын Ак-Терек айылындагы мектептин учурдагы аталышы "Ак-Терек" орто мектеби болуп келгендигине байланыштуу, ал мектепке «Оморова Ибадат» ысымын ыйгаруу сунушун колдоп берүү жагы суралсын.

3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Ушул токтомдун аткарылуусун көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун коргоо жана кызыкчылыгын коргоо жергиликтүү өз алдынча башкаруу, өнүктүрүү коомдук уюмдар жергиликтүү коомдоштуктар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Дунаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XIV сессиясынын**
**№ 14/6 токтому**

2026-жыл 3-февраль                                                              Жаңы-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагынын Правда айылынын географиялык аталышын өзгөртүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 25-апрелиндеги №65 «Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы №149 токтому менен бекитилген тартипке ылайык, Ынтымак айылдык аймагынын учурдагы аталышы "Правда" болуп келгендигине байланыштуу, аны мамлекеттик тилге ылайык "Кош-Чынар" деп өзгөртүү сунушу боюнча, Ынтымак айылдык кеңешинин Мыйзамдуулукту сактоо, этика, коопсуздук, регламент иштери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясы жана өкмөт башчы менен биргеликте элдик жыйындын протоколунун чечимин угуп талкуулап, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айылдык аймагынын учурдагы аталышы "Правда" болуп келгендигине байланыштуу, аны мамлекеттик тилге ылайык "Кош-Чынар" деп өзгөртүү сунушу колдоого алынсын.

2. Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынан Ынтымак айылдык аймагынын учурдагы аталышы "Правда" болуп келгендигине байланыштуу, аны мамлекеттик тилге ылайык "Кош-Чынар" деп өзгөртүү сунушун колдоп берүү жагы суралсын.

3. Ынтымак айыл өкмөтүнө "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы №149 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу административдик-аймактык түзүлүш жана географиялык аталыштар маселелерин кароо боюнча ведомстволук аралык комиссиянын иши жөнүндө" токтомунун негизинде түзүлгөн ведомстволор аралык комиссиянын "Кыргыз Республикасында географиялык объекттерди атоо, кайра атоо, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоо тартиби жөнүндө" жобосунун 12-пунктунун негизинде географиячлык аталышты өзгөртүү боюнча тиешелүү иш-чараларды алып баруу жагы тапшырылсын.

5. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Ушул токтомдун аткарылуусун көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун коргоо жана кызыкчылыгын коргоо жергиликтүү өз алдынча башкаруу, өнүктүрүү коомдук уюмдар жергиликтүү коомдоштуктар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага А.Дунаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз XIII сессиясынын**
**№14/7 токтому**

2026-жыл 3-февраль Жаны-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагынын Правда айылында, №470 контурунда жайгашкан 0,30 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берүү жөнүндө**

Ынтымак айыл аймагынын социалдык экономикалык абалын жогорулатуу максатында Правда айылында №470 контурунда жайгашкан 0,30 га жер аянтына мал сарай куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформациялоо) үчүн, Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 18-июлундагы №149 сандуу Жер Кодексинин 13-беренесине ылайык, Ынтымак айылдык кеңешинин айыл чарбасы, архитектура, курулуш транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиянын чечимин угуп, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айыл аймагынын Правда айылында №470 контурунда жайгашкан 0,30 га жер аянтына мал сарай куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Тийиштүү документтерин даярдап берүү жагы Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3. Токтомдун мыйзамдын талаптарына ылайык аткаруу жагы Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К. Карыбековго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Ынтымак айылдык кеңешинин айыл чарбасы, архитектура, курулуш транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Дунаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-СУУ РАЙОНУ
ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XIV сессиясынын**
**№ 14/8 токтому**

2026-жыл 3-февраль Жаңы-Арык айылы

**“Ынтымак” муниципалдык ишканасынын жайыт комитетинин иш планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине ылайык, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле “Ынтымак” муниципалдык ишканасынын Жайыт комитетинин төрагасы Машаев Даниярдын жайыттары башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча түзүлгөн иш планын угуп талкуулап, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. 2026-жылга айыл аймагынын жайыттарын башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планы тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы 2026-жылга айыл аймагынын жайыттарын башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча бекитилген планды ишке ашырууну камсыз кылсын жана жылдын жыйынтыгы боюнча анын аткарылышы жөнүндө маалымат даярдасын.

3. Бул токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин айыл чарбасы, архитектура, курулуш транспорт жана экология боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага А.Дунаев**

**ЖАЙЫТТАРДЫ АР ЖЫЛДЫК ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ПЛАНЫ**
**2026-ЖЫЛГА КАРАТА**

**2026-жыл Ынтымак айыл аймагы**

## 1.Айыл өкмөттүн социалдык экономикалык характеристикасы

| **№** | **Көрсөткүчтөр** | **Единица** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|
| 1 | Элдин саны | Киши | 23487 |
| 2 | эркек | | 11814 |
| | аял | | 11671 |
| 3 | Кожолуктун саны | Короо | 5188 |
| 4 | Айыл өкмөттүн жалпы аянты, | га | 24254,69 |
| 5 | Жалпы жайыт аянты | га | 1245 |
| 6 | Токой чарбадан пайдаланган жайыт | га | - |
| 7 | Узак мөөнөттүү пайдалануудагы жайыт | га | - |
| 8 | Малдын саны | баш | 8929 |
| 9 | Кой, эчки | баш | 25449 |
| 10 | Жылкы | баш | 2183 |
| 11 | Төө | баш | - |
| 12 | ИИМ | баш | - |
| 13 | Топоз | баш | - |
| 14 | Жалпы шарттуу баш | баш | - |

**2. Айыл өкмөттүн иштөө графиги**

| № | | Иш-Чаралар | Айлар | | | | | | | | | | | | жооптуулар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | |
| 1 | | Жергиликтүү коомдоштуктун чогулушу | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөтү, |
| 2 | | а/а млын саноо | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөтү, муниципалдык ишканалар |
| 3 | | Жана башка иш чаралар | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөтү, муниципалдык ишканалар |
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | |

**3. Жайыт пайдалануу сезону**

| № | Сезондор | Мал жаюу/колдо багуу мөөнөттөрү | Күндүн саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| | Жазгы | 10,04.-31.05. | 61 | Жаз мезгилинен жайкы чейин мал жайытта багылат |
| | Жайкы | 10.06.-31.08. | 153 | |
| | Күзгү | 01.09-31.09 | 30 | |
| | Кышкы | 01,10.-10,04. | 0 | Кыш мезгилинде мал адатта короодо багылат |

**4. Жайыттарга мал башынын иш жүзүндөгү саны**

| № | Участоктун аталышы | Малдын түрү | Саны | Коэффициенти | ШМБ | Суткалык талап кылуу күнүнө 7, 5 кг. | 1 күндүк кургамуктаждык болгон күн/(кг) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

| | | | C | Д | E=C*Д | F | К=E* F |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **Ынтымак** | **ИММ** | 300 | 1,00 | 300 | 7,5 | 2250 |
| **2** | | **Жаш мал (1жашка чейин)** | 0 | 0,7 | 0 | 7,5 | 0 |
| **3** | | **МММ** | 1860 | 0,2 | 372 | 7,5 | 2790 |
| **4** | | **Жылкы** | 80 | 1,0 | 80 | 7,5 | 600 |
| **5** | | **Жаш жылкы (1 жашка чейин)** | 0 | 0,7 | 0 | 7,5 | 0 |
| | **Баардыгы** | | 2240 | | **2240** | | **5640** |
| | **Кургак заттын жылдык керектелиши** | | | | | | **5640** |

## Жайыттарды пайдалануунун учурдагы жана пландалган системасы.

| **№** | **Участкалардын аталышы** | **Жалпы аянты (га)** | **Планга чейин (факт)** | | | **Пландан кийин** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **Жайыттын сыйымдуулугу ШМБ сезонго** | **Жайылуучу мал** | | **Жайыттын сыйымдуулугу ШМБ сезонго** | **Жайылуучу мал** | |
| | | | | **ШМБ** | **Жүк %** | | **ШМБ** | **Жүк %** |
| Жаз. Жайыт мезгили | | | 61 күн (10.04-31.05) | | | 51 күн (16.04-31.05) | | |
| 1 | Кырк-кол | 210 | 150 | | 80% | 200 | 200 | 80% |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | | | | | | | | |
| Жай. Жайыт мезгили | | | 153 күн (01.06-31.08) | | | 153күн (01.06-31.08) | | |
| 3 | Кызыл-Суу | 5470 | 2700 | | 102% | 3000 | 2000 | 102% |
| 4 | | | | | | | | |
| Күз. Жайыт мезгили | | | 30 күн (01.09-30,09) | | | 30(01.09-31,09) | | |
| 5 | Токтогул | 300 | | 270 | 90% | 270 | 270 | 90% |
| 6 | | | | | | | 350 | 89% |
| Кыш. Жайыт мезгили | | | 0 | | | 0 | | |
| 7 | | | | | | | | |
| 8 | | | | | | | | |

## 5. Жайыттын пайдалануунун календарлык планы

| № | Жайыт участокторунун аталышы | Жайыт пайдалануучулардын аты жөнү | Шарттуу мал башы | Сыймдуулугу | Мал жаюуу күнү |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жай** | | | | | |
| 1 | Кызыл-Суу | Токоев М | 3000 | 1000 | 180 |
| 2 | Ак-Терек | Исмоилов Ф | 150 | 200 | 120 |
| Күз | | | | | |
| 1 | Токтогул | | 200 | 190 | 9 |
| Кыш | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |
| Жаз | | | | | |
| 1 | Бөөнжар | Токторов Руслан | 200 | 170 | 60 |
| 2 | Кырк-Кол | Абдиев А | 180 | 200 | 60 |

**БЮДЖЕТ.**

**6. Жайыттарды мал жаюу жана башка максаттарда пайдалануунун жыйымдары**

| Жайыттарга мал жайып пайдалангандык үчүн жыйым | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **№** | **Малдын түрү** | **Саны** | **1 башка, жайыт пайдалангандык үчүн жыйым** | **Жылга, төлөмдүн жалпы суммасы** |
| 1. | ИММ | 2000 | 130 | 260000 |
| 2. | ИИМ (жаш малы) | 0 | 0 | 0 |
| 3. | Жылкы | 500 | 130 | 65000 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4. | Тай | 0 | 150 | 0 |
| 5. | Кой-эчки | 7000 | 25 | 175000 |
| 6. | Баардыгы | 2240 | | **500000** |
| **Бардыгы** | | | | |
| **Жайыттарды башка максаттарда пайдалангандык үчүн жыйым** | | | | |
| | **Түрү** | **Аянты, га** | **Жыйым, сом/га** | **Жылга, жалпы суммасы** |
| 1 | Аңчылык | 0 | | 0 |
| 2 | Чөп чабынды | 0 | | 0 |
| 3 | Карьер | 0 | | 0 |
| 4 | Жалпы кендер (кен казуу ж.б.) | 0 | | 0 |
| 5 | Туризм | 0 | | 0 |
| 6 | Атайын техника | | | 0 |
| 7 | Балык чарба | | | 0 |
| 8 | Дары чөп терүү | 0 | | 0 |
| 9 | Антена (Нур-Телеком, Альфа-Телеком, Скаймобайл,Терра компания) | 0 | | 0 |
| | | | | **0** |
| | **Баардыгы:** | **Жалпы сумма:** | | |

| **Көрсөткүчтөр** | | **Финансы булак. Сом.** | | | **Баардык сумма.сом.** | **Анын ичинде квартал боюнча** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Башка долборлор** | **Демөөр чүлөр.** | **Жергилик түү Бюджет.** | | **I** | **II** | **III** | **IV** |
| **Максаттуу чыгымдар** | | | | | | | | | |
| **Жолдорду реабилитациалоо узундугу 2,8 км** | Участоктун аттары. Бөөн-Жар | 0 | 0 | 80000 | 80000 | 20000 | 20000 | 20000 | 20000 |
| **Өтмө көпүрөлөрдү орнотуу** | | | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Айыл чарба малдарын мобилдик жасалма жол менен уруктандырууну уюштуруу** | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Жайыттын абалына МиБ жүргүзүү** | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Жиргиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын адис** | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Жакынкы жйыттарга үрөөнүн себүү. 277 га.** | | | | 27000 | 27000 | 0 | 13500 | 0 | 13500 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **жер семирткич себүү** | | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Баары** | 0 | | **156720** | 156720 | 32430 | 45930 | 32430 | 45930 |
| **Админстративдик чыгымдар** | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |

**Чыгаша бөлүгү.**

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |
| **Баардыгы** | | | | | | | | |
| **Жайыт боюнча адисти кармоо** | | | | | | | | |
| **Эмгек акы (жайыт адиси- 1*17296,5)*12ай курьер 6* 10480= 62882,4*12= 754589 сом.** | 0 | 0 | 48000 | 48000 | 12000 | 12000 | 12000 | 12000 |
| **Соц фонд. (962147*17,25%=165970,3** | 0 | 0 | 5880 | 5880 | 1470 | 1470 | 1470 | 1470 |
| **Сапар чыгымдары** | 0 | 0 | 12400 | 12400 | 6200 | 6200 | 0 | 0 |
| **Атайын техникаларды кармоого** | 0 | 0 | 20000 | 20000 | 5000 | 5000 | 5000 | 5000 |
| **Канц товары** | 0 | 0 | 3000 | 3000 | 1000 | 1000 | 500 | 500 |
| **Башка чыгымдар** | 0 | 0 | 54000 | 54000 | 27000 | 27000 | 0 | 0 |
| **Баардыгы** | 0 | 0 | 140880 | 140880 | 51470 | 51470 | 17500 | 17500 |
| **Баардык жыйымдардын жыйынтыгы** | 0 | 0 | 300000 | **300000** | 85100 | 98600 | 49930 | 49930 |

**11. Киреше бөлүгү**

| № п/п | Көрсөткүчтөр | Суммасы, сом | Квартал боюнча пландык кирешелер | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | I | II | III | IV |
| 1. | Жайытты мал жаюу максатында пайдалануудан түшкөн кирешелер (___1____ШМБ___130 сом) | 500000 | 125000 | 125000 | 125000 | 125000 |
| 2. | Жайытты башка максаттарда пайдалануудан түшкөн кирешелер (____га______сом) | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| | **Баары** | | | | | |
| | Башкалар/долбоорлор | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| | Башка демөөрчүлөр (АО, элдик салым, ж.б.) | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Каржы резервдик фонду (КРФ) | | | | | |
| | **Баары** | | | | | |
| | **Жалпы кирешелер** | **500000** | **125000** | **125000** | **125000** | **125000** |

## 12.ЖАЙЫТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ РЕЖИМИ ЖАНА БУЗУУ ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

### 1.Ички эрежелери

- **Мал жаюу мөөнөттөрү**
  - Жайыт сезону _____15-апрельден башталат (күнү жана айы) 51алыскы жайыт.
  - Жайыт сезону __30-ноябрдан ___________аяктайт.
  - Жайлоолорго көчүрүү __31-майдан__дан___10-июнга___ чейин .
  - Жайлоолордон көчүп келүү _31-августан_____дан __1-ноябрга _______чейин.
  - 15-апрельден 15-сентябрга чейин жакынкы жайыттар эс алууга калтырылат
- **Жайыт сезонунда колго алып калуугу уруксат берилген малдын саны:**ИММ– __1___; ат – _1____; кой, эчки – _3____;
- **Жайыт акы төлөөнүн мөөнөттөрү Жайыт билети үчүн:**

50% - 15-апрелден кечиктирилбестен;

50% - 1-ноябрдан кечиктирилбестен;

**Жайытты башка максатка пайдаланган учурда:**

**Эс алууну жана туризмди уюштургандар үчүн -**

50% - келишим түзүлөөрү менен;

50% - келишим түзүлгөндөн 3 ай аралыгында;

Жайыттарды башка максаттарга пайдалануу үчүн жыйым 100% төлөнөт.

- **Жайыт билетинде көрсөтүлгөн малдын саны мал санактын маалыматтарына дал келиши керек;**
- **Малчылар жайыт билетинде көрсөтүлгөн гана участокторго мал жаюга милдеттүү;**

Баардык жайыт пайдалануучулар, жайытты пайдалануунун жогоруда көрсөтүлгөн режимдерин аткарууга милдеттүү.

Жогорудагы жайыт режимин бузгандар Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарынын негизинде жоопко тартылышат.

**2.Мал жаюу эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

**Малдары айдоо аянттарына кирген жаныбарлардын ээлерине төмөнкүдөй жаза чаралар колдонулат:**

- Эгерде март, апрель (күнү жана айы) айдоо аянттарына кирген малдарга-------эскертүү
- Эгерде мал жандыктар айдоо аянтына1-апрелден кийин кирсе: ИММ үчүн 1 жолу айып пул_5000_____сом, 2 жолу штраф 10000_______сом, ал эми анда болбой мал жандыктар айдоо аянттарына түшө берсе анда чыгымды төлөө менен жана иш аксакалдар сотуна өткөрүлөт, аксакалдар соту айып пулдун көлөмүн белгилешет

-Эгерде мыйзам бузуу экинчи жолу кайталанса, төлөмдүн суммасы эки эсеге көбөйөт. Алар мыйзамга ылайык айып пулду төлөөдөн баш тарткандыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.

- Айылдык кеңеш жергиликтүү тургундардын малын баккан чабандарга төмөнкүдөй төлөмдү белгилейт:

1 баш ИММга айына _1000____ сом, кой-эчкиге 1 башка айына – _200____сом.

- Ар бир жалданма чабан менен 3 тараптуу келишим түзүлөт (АӨ, жайыт пайдалануучу жана чабан). Чабандар тарабынан малдын акысын өзүм билемдик менен көтөргөндүгү үчүн Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке тартылат. Малды каттоого көрсөтпөсө жана башка жактан келген мал эсепке кирбесе эки эсе жайыт акы төлөйт. Ошондой эле жайыт билет албай келишим түзбөй, жайытты пайдалагандыгы үчүн укук бузуулардагы колдоонучу штрафтан сырткары ар бир башка эки эсе жайыт акы төлөнөт.

| **Макулдашылды** | **Макулдашылды** | **Макулдашылды** | **Макулдашылды** |
|---|---|---|---|
| **МП “Ынтымак” жетекчиси А.Жоробеков** | **Ынтымак Айыл өкмөтүнүн башчысы К.Карыбеков** | **ВМЧЖТ РК башчысы** | **РАӨБ башчысы** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| **Колу** | **Колу** | **Колу жөнү** | **Колу жөнү** |

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XIV сессиясынын**
**№ 14/8-1 токтому**

2026-жыл 3-февраль                                                                                    Жаңы-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагындагы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча “Ынтымак” муниципалдык ишканасынын 2026-2031-жылдарга орто мөөнөттүү планын бекитүү жөнүндө**

Ынтымак айыл аймагындагы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча “Ынтымак” муниципалдык ишканасынын 2026-2031-жылдарга орто мөөнөттүү планын айыл аймагынын айылдык кеңештин депутаттары карап чыгып талкуулап, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Ынтымак айыл аймагындагы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча “Ынтымак” муниципалдык ишканасынын 2026-2031-жылдарга орто мөөнөттүү планын бекитүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.К.Карыбековго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин айыл чарбасы, архитектура, курулуш транспорт жана экология боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** ________________________________________ **Дунаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫНТЫМАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги XIV сессиясынын**
**№ 14/9 токтому**

2026-жыл 3-февраль Жаңы-Арык айылы

**Ынтымак айыл аймагындагы Жаңы-Арык айылынын Ленин көчөсүнүн географиялык аталышын “Манас” көчөсү деп өзгөртүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э.Ж.Байсаловдун жетекчилиги алдында өткөрүлгөн 2025-жылдын 17-июлундагы №18-7656 сандуу протоколун аткарууга алуу үчүн Протоколдо көрсөтүлгөндөй Кыргыз Реслубликасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 6-майындагы №244 "Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү ишмерлеринин элесин түбөлүккө калтыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы комиссия жөнүндө" токтомуна ылайык шаарлардын, поселоктордун жана айылдардын борбордук көчөлөрүнүн бирин, айрыкча мурда В.И.Ленин ысымын алып жүргөн көчөлөрдүн аталыштарын "Манас" көчөсү деп өзгөртүү сунушуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы №149 токтомунун 19-пунктунда бекитилген тартипке ылайык, Ынтымак айылдык кеңешинин Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун коргоо жана кызыкчылыгын коргоо жергиликтүү өз алдынча башкаруу, өнүктүрүү коомдук уюмдар жергиликтүү коомдоштуктар боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун чечимин угуп, Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

**1.** Ынтымак айылдык кеңешинин Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун коргоо жана кызыкчылыгын коргоо жергиликтүү өз алдынча башкаруу, өнүктүрүү коомдук уюмдар жергиликтүү коомдоштуктар боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун чечимине таянып, Ынтымак айыл аймагындагы Жаңы-Арык айылынын көчөсүнүн учурдагы аталышы Ленин болуп келгендигине байланыштуу, аны мамлекеттик тилге ылайык «Манас» көчөсү деп өзгөртүү сунушу колдоого алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы №149 токтомунун 19-пунктунун негизинде Кыргыз Республикасында географиялык объектерди атоо, кайра атоо, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоо тартиби боюнча тиешелүү иш-чараларды алып баруу жагы Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы К.Карыбековго тапшырылсын.

3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн, расмий булактарга жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун коргоо жана кызыкчылыгын коргоо жергиликтүү өз алдынча башкаруу, өнүктүрүү коомдук уюмдар жергиликтүү коомдоштуктар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага А.Дунаев**